УДК 37.013.575.2.018
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-27-34

**КАШМАТОВА Ж.А., ОМУРЗАКОВА Г.Т., МУРООН КЫЗЫ Ш., АБДУМАЛИКОВА Ф.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУ,
Баткен мамлекеттик университети
**КАШМАТОВА Ж.А.,[1] ОМУРЗАКОВА Г.Т.,[2] МУРООН КЫЗЫ Ш.,[2] АБДУМАЛИКОВА [2]**
КНУ имени Жусупа Баласагына,[1]
Баткенский государственный университет[2]
**KASHMATOVA ZH.A., OMURZAKOVA G.T., MUROON KIZI SH., ABDUMALIKOVA F.**
KNU Jusup Balasagyn,
Batken State University

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК ЖАКТАН ТАРБИЯЛОО

## ЭКОЛОГИЧЕСКОЕ ВОСПИТАНИЕ УЧЕНИКОВ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

## ENVIRONMENTAL EDUCATION OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS

**Кыскача мүнөздөмө:** Экологиялык тарбия берүүнүн максаты – адамды жана коомчулукту курчап турган чөйрөнүн тазалыгын ошондой эле курчап турган процесстерди жакшыртуу жөнүндөгү маалыматтар менен камсыздоо болуп саналат. Азыркы учурда жаш муундар арасында экологиялык тарбиялоого көңүл бурууну күчөтүү керек. Экологиялык тарбиялоо курчап турган чөйрөгө таза мамиле жасаган, ички дүйнөсү бай, ар тараптан өнүккөн инсанды калыптандыруунун каражаты катары кызмат кылууга тийиш. Анын ичинде жандуу жана жансыз жаратылышка туура мамиле жасоосун камсыздоо. 21 - кылымдын башында педагогикалык теорияга жана практикага көптөгөн өзгөрүүлөр кирди. Коомдо саясий-экономикалык реформа жүрүп жатат, элдин социалдык абалы өзгөрдү. КМШ (көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги) курамына кирген өлкөлөр дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кирүүгө багытталган жаңы билим берүү системасын түзүү үчүн окутуунун жана тарбиялоонун жаны формаларын, жаңыча мамилени, жаны мазмунду, жаңы технологияларды түзүүнүн жолдорун издеп жатышат. Бул процесс билим берүүдө жана тарбиялоодо олуттуу өзгөрүүлөр менен ишке ашат.

**Аннотация:** Цель экологического образования заключается в том, чтобы предоставить отдельным лицам и сообществам информацию о том, как улучшить чистоту окружающей среды и процессов. На данный момент назрела необходимость усиления внимания подрастающего поколения к экологическому воспитанию и просвещению. Экологическое просвещение должно служить средством формирования всесторонне развитой личности с бережным отношением к окружающей среде. В том числе к живой природе (человеку, растениям, животным) и к неживой природе (водоемам, воздуху, полезным ископаемым). В начале 21-века произошло много изменений в педагогической теории и практике. В обществе идут политические и экономические реформы, изменилось социальное положение народа. Страны СНГ (страны независимых государств) ищут пути создания новых форм обучения и воспитания, новых взглядов, нового содержания, новых технологий для того, чтобы создать новую образовательную систему, нацеленную на выход в мировое образовательное пространство. Этот процесс будет происходить с существенными изменениями в образовании и воспитании.

**Abstract:** The goal of environmental education is to provide individuals and communities with information on how to improve the cleanliness of the environment and processes. At the moment, there is a need to increase attention to environmental education. Environmental education should serve as a means of forming a comprehensively developed personality with a clean attitude to the environment. Including to living nature (humans, plants, animals) and to inanimate nature (water bodies, air, minerals). At the beginning of the 21th century, there were many changes in pedagogical theory and practice. Political and economic reforms are underway in society, the social status of the people has changed. The CIS (countries of independent states) countries are looking for ways to create new forms of education and upbringing, new

views, new content, new technologies in order to create a new educational system aimed at entering the world educational space. This process will take place with significant changes in education and upbringing.

**Негизги сөздөр:** экология; экологиялык тарбиялоо; педагогикалык теориялар; максат;курчап турган чөйрө; коргоо; тазалык; окуучулар; жаш муундар; сактап калуу.

**Ключевые слова:** экология; экологическое воспитание; педагогические теории; цель; охрана; окружающая среда; чистота; ученики; молодое поколение; сохранить.

**Keywords:** ecology; environmental education; pedagogical theories; goal; environmental protection; cleanliness; children; young generation; preserve.

Учурда мектептик жалпы билим берүүнүн мазмунун долбоорлоо максатында мамлекеттик стандарттарды иштеп чыгуу Кыргыз билим берүү академиясынын базасында тийиштүү иш-аракети орун алууда [1]. Тарыхый көз караштан алганда Кыргызстандагы мектептик жалпы билим берүүнүн мазмуну билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандырууга, ал эми 2015-жылдан баштап компетенттүүлүктү калыптандыруу методологиясына негизделип долбоорлонуп келе жатканы белгилүү. Ага байланыштуу соңку мезгилдеги илимий-педагогикалык негиздерди калыптандырууда компетенттүүлүктү калыптандыруу методологиясы басымдуу роль ойноп келе жатат [2]. Жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарында экологиялык тарбия берүүгө өзгөчө орун берилген.

"Экологиялык тарбиялоо" түшүнүгү "Экология" түшүнүгү менен тыгыз байланышта, экология илими адам жашоосундагы тирүү организмдердин бири-бири менен таасир этишүүсү жана адам жашоосунун, анын процесстеринин тазалыгын жакшыртуу жана аны коргоо жөнүндөгү жаш илим катары аныкталат. "Экология" деген сөздүн мааниси өзүнүн келип чыгуу тарыхы менен байыркы грек тилине барат.

Грек тилинен которгондо "Экология"- бул мекен, жашаган жер, курчап турган чөйрө жана аны "антропогендик" факторлордон коргоо жөнүндөгү илим деген маанини берет. Бул багыттан алып караганыбызда экологиялык тарбиялоо – жаратылышты, курчап турган чөйрөнү таза сактоо жана аларды коргоо сезимин ар бир адамда калыптандыруу процессин түшүндүрөт.

Экология тирүү организмдерге таасир этүүчү жана таасир берүүчү илим болуп саналат жана жер жүзүндөгү адамдардын жашоосунун абалын экологиялык жактан жакшыртууну изилдейт. "Экология" терминин биринчи жолу немец биологу Э.Геккел 1866-жылы колдонгон. Тирүү организмге чөйрөнүн түздөн-түз же кыйыр тийгизген таасири "экологиялык фактор" деп аталат. Ал биотик жана абиотик факторлоруна бөлүнөт. Биотик түрүнө тамак-аш факторлору, айрым особдордун же бир түрдөгү особдор тобунун жана ар башка түрдүн ортосундагы өз ара мамиле (аймак, тамак-аш, суу жана башкалар үчүн күрөшүү) кирет. Абиотик факторлор биологиялык объектиге сырттан таасир этет. Мисалы: температура, жарык, нымдуулук, жаан-чачын, шамал, атмосфералык басым.

Белгилүү окумуштуу америкалык эколог Ю. Одум экологияга мындай аныктама берет: "Экология – бул илим аралык билим тармагы, көп деңгээлдик системалардын жаратылышта, коомдо жайгашуусу жана алардын өз ара байланышы жөнүндөгү илим".

Экологиялык жактан тарбиялоо деген эмне?

Экологиялык тарбиялоо инсандын интеллектуалдык жана эмоционалдык чөйрөсүн калыптандырууга, ага курчап турган чөйрөнү коргоонун жолдорун иштеп чыгууга жана окуучулардын курчап турган чөйрө менен таасир этишүүсүнө жол ачат. Экологиялык тарбия – адамда жаратылышка, айлана- чөйрөгө аяр жана гумандуу, жоопкерчиликтүү мамиле кылуунун ченемдерин жана көндүмдөрүн калыптандыруунун үзгүлтүксүз жана максаттуу процесси.

Экологиялык тарбиялоо инсандын экологиялык маданиятынын калыптаныш көрсөткүчү катары каралышы мүмкүн, ал адамдын руханий маданиятынын да бир бөлүгү болуп саналат. Экологиялык тарбиялоо орто мектептерде жаш муундарды тарбиялоо процессинде чоң мааниге ээ, анткени ушул жаш куракта эмоционалдык – сезимдик өнүгүү ишке ашып, курчап турган дүйнөнү таанып – билүү, аны коргоо, таза сактоо сезимдери пайда болуп, адамдар менен мамиле түзүүгө шарт түзүлөт.

Экологиялык тарбия берүүнүн максаты – адамды жана коомчулукту, алардын ичинде жаш муундарды курчап турган чөйрөнүн ошондой эле курчап турган процесстердин тазалыгын жакшыртуу жөнүндөгү

маалыматтар менен камсыздоо болуп саналат. Окуучуларды экологиялык жактан тарбиялоонун биринчи максаты болуп коомдо болуп жаткан цивилизациянын туруктуу өнүгүүсүн экологиянын мыйзамдарына ылайык келтирүү менен ыкмаларын иштеп чыгуу саналат.

Окуучуларды экологиялык жактан тарбиялоонун дагы бир максаты болуп коомдо болуп жаткан цивилизациянын туруктуу өнүгүүсүн экологиянын мыйзамдарына ылайык келтирүү менен жаратылыш жана антропогендик системаларды, адамзат коомун жана биосфераны башкаруу ыкмаларын иштеп чыгуу саналат.

Кыргызстанда экологиялык абал начарлоодо. Мектептерде балдарды тарбиялоо жыл сайын оор болуп баратат. Азыркы учурда экологиялык жактан жаш муундарды тарбиялоо да бир топ кыйынга туруууда. Ошондуктан учурда экологиялык тарбиялоого көңүл бурууну күчөтүү керек. Экологиялык тарбиялоо курчап турган чөйрөгө таза мамиле жасаган, ички дүйнөсү бай, ар тараптан өнүккөн инсанды калыптандыруунун каражаты катары кызмат кылууга тийиш. Өнүккөн инсандагы жана аны курчап турган чөйрөсүндөгү тазалыкты көрө билүү жана экологияны сактап калуу экологиялык тарбиялоо менен байланышта ишке ашуусу зарыл.

Б.М. Неменский баланы экологиялык жактан тарбиялоо системасына эффективдүү таасир этүү үчүн экологиялык тарбиялоонун өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөткөн жана мындай деген: “Экологиялык тарбиялоо системасы бирдиктүү болууга тийиш ал курчап турган жашоодогу бардык процесстерди жакшыртууга багытталып, окуучулардын да коомдук турмушун тазартып, ар бир предмет, ар бир сабактын түрү менен мектеп окуучусунун инсандыгын жана экологиялык-эстетикалык маданиятын калыптандыруу ишинде так милдетке ээ болууга тийиш” [3].

Экологиялык тарбия – адамдын объективдүү чындыкка карата болгон белгилүү бир туура мамилесин калыптандыруу. Экологиялык тарбия берүү жараянында белгилүү коомдогу экологиялык баалуулуктардын дүйнөсүнө берилүүчү мүнөздөмөлөргө ылайык инсандын ошол баалуулуктарга карата туура багыты иштелип чыгууга тийиш.

Ошол эле учурда экологиялык тарбиялоо жараянында курчап турган дүйнөдөгү жана инсандагы объективдүү чындыкты, коолдукту жана тазалыкты сактап калып, окуучуларда экологиялык жактан туура тарбиялоо жөндөмүн калыптандыруу жана өстүрүү, экологиялык түшүнүгүн жана экологиялык идеалын тарбиялоо менен анын тазалыктын жана сулуулуктун мыйзам ченемдүүлүгүнө ылайык чыгармачылык жөндөмүн эмгек ишмердүүлүгүндө, жашоо турмушунда, жүрүш-турушунда да экологиялык баалуулуктарды жаратуу жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү.

Экологиялык тарбиянын негизги милдети – курчап турган дүйнөдөгү, табияттагы, курчап турган чөйрөдөгү, адамдардын мамилесиндеги тазалыкты, руханий асылзаттыкты көрө билүүнү үйрөнгөн жаш муун, ошолордун негизинде өзүндөгү жаратылышка камкордукту, сулуулукту сактап калууга умтулуусуна жетишүү болуп саналат.

Орто мектептин алдында жаш муунду, инсанды экологиялык жактан тарбиялоо проблемасы турат. Учурда айлана-чөйрөнү туура баалоо жана ага туура мамиле жасоодо “жашыл көндүмдөр” деген түшүнүк кеңири тарап, балдар ал жөнүндө билимди кенже класстардан баштап эле ала башташты. Жашыл көндүмдөр – бул жаратылыш ресурстарын үнөмдүү колдонгон коомдо жашоо, аны өнүктүрүү жана колдоо үчүн зарыл болгон билим, жөндөм, баалуулуктар жана мамилелер, ага карата жаш муундардын түшүнүгүн, аң-сезимин өстүрүү. Балдарга жашыл көндүмдөрдү – экологиялык маданиятты таза жана туура жашоо образын калыптандырууну, айлана-чөйрөгө жана табиятка мамиле түзүүнү үйрөтүүнү эрте жашынан баштаган туура болот. Бул багытта мектепке чоң роль таандык. Балдардын экологиялык сабаттуулугун арттыруу зарыл, тагыраак айтканда алардын адам баласынын табигый чөйрө менен байланышын түшүнүү, жаратылышта жүрүм-турум ченемдерин жана эрежелерин билүү жана алдарды сактоо, жаратылыш кубулуштарынын себеп-натыйжа байланыштарын белгилөө, келечекти жакшыртуудагы өзүнүн ролун түшүнүү көндүмдөрүн калыптандыруу иш-аракеттери жүргүзүлөт.

Окуучуларды экологиялык жактан тарбиялоого ар түрдүү факторлор чоң таасир этет. Бул таасир этүүлөр педагогикадагы экологиялык тарбиялоонун теориясында жана практикасында окумуштуулар тарабынан изилденген. Экологиялык тарбиялоонун факторлоруна токтоло кетели:

- Чөйрөнү экологиялык жактан коргоо;

- Абаны зыяндуу газдардан коргоо;
- Ичүүчү сууну таза сактоо;
- Экологиялык мамилелер;
- кологиялык тажрыйбаны жайылтуу .

Экологиялык жактан тарбиялоонун факторлорун карап чыгалы. Педагогдор экологиялык жактан тарбиялоонун төмөнкүдөй факторлорун бөлүп көрсөтүшөт:

- Жаратылышты таанып билүү;
- Мектептеги экологиялык тарбиялоо;
- Массалык маалымат каражаттары.

Ар бир фактор өз ичине эмнени камтыйт?

Жашаган чөйрөнү экологиялык жактан таза сактоо проблемасы адамдын алдында турган татаал милдеттерди чечүү менен байланыштуу. Ал милдетке жаратылыш байлыктарын рационалдуу колдонуу проблемасы жана курчап турган чөйрөнү коргоо кирет. Качан адам жаратылыш менен жалгыз калганда, анын экологиялык маданиятынын чыныгы бети ачылат. Балдар жаратылышты өнүктүрүү мыйзамдарын окуп үйрөнсө, анын кооздугун, көп түрдүүлүгүн көрө билсе - бул мектеп бере турган негизги билимдер болуп саналат» [4].

Экологиялык тарбиялоо адамдын адептүүлүгүн калыптандырууга да мүмкүнчүлүк берет, анын курчап турган дүйнө, жаратылыш жөнүндөгү билимдерин кеңейтет. Айлана-чөйрөнү коргоого багытталган жана тазалыкты өнүктүрүү боюнча өткөрүлгөн сабактар психикалык процесстерди, уюштуруучулукту, тартиптүүлүктү өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Экологиялык тарбиялоонун толук жана так максатын М.М. Рукавицын чагылдырган. “Акыркы максаты - гормониялдуу ар тараптан өнүккөн адам: билимдүү, прогрессивдүү жогорку адептүү, эмгектенүү жана жаратуу, жашоодогу жана искусстводогу кооздукту түшүнүү ыктарына ээ болот” [5].

Максат милдетсиз каралбайт. Педагогдор экологиялык тарбиялоонун негизги үч милдетин бөлүп көрсөтүшөт:

1. Экологиялык билимдерди, көз караштарды калыптандыруу, аларсыз айлана-чөйрөгө жана кубулуштарга кызыгуу пайда болбойт. Бул милдетке ылайык окуучуларда сезимдик-эмоционалдык тажрыйба калыптанат.

2. Адамдын социалдык-психологиялык сапаттарын калыптандыруу алар экологиялык билимдерди жана кубулуштарды баалоо мүмкүнчүлүгүн ишке ашырат. Бул жөндөмдүүлүктөр мурда алынган билимдердин негизинде өнүгөт.

3. Окуучулардагы экологияны коргоо жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу. Окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүн жана керектөөлөрүн өнүктүрүү керек, алар пассивдүү угуучудан активдүү жаратуучуга айланууга тийиш.

Окуучуларды экологиялык жактан тарбиялоонун кошумча милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- Окуучуларды жаратылыш жана анын кубулуштары менен тааныштыруу;
- Жаратылыш кубулуштарынын ортосундагы байланыштарды билдирүү;
- Жер планетасынын көп образдуулугу боюнча алгачкы элестөөлөрүн калыптандыруу;
- Экологиялык элестөөлөрүн калыптандыруу;
- Адам жаратылыштын бир бөлүгү экенин, адамдын жер жүзүндөгү жашоосу курчап турган чөйрөдөн көз каранды экенин түшүндүрүү;
- Жаратылышта өзүн туура алып жүрүүсү;
- Жаратылышка жана аны сактоого болгон туура мамилесин калыптандыруу.

Экологиялык тарбиялоо билим берүүчү мекемелерде гана жүргүзүлбөстөн, үй-бүлөдө да ишке ашууга тийиш.

Жаш муундардын экологиялык жактан туура тарбиялоонун натыйжалуулугу көп учурда педагогдун жана ата-энелердин биргелешип иштөөсүнөн көз каранды болот да, эки тараптан тең шарт түзүп берүүдөн көз каранды. Окуучуларды экологиялык жактан тарбиялоодо негизги роль үй-бүлөгө да таандык. Ата-энелердин таасири астында экологиялык билимдер калыптанып, курчап турган чөйрөнү таза сактоого кызыгуу өнүгөт.

Балдар үй-бүлөдөгү баалуулуктар аркылуу мамиле түзүү тажрыйбасын топтойт. Үй-бүлө да экологиялык жактан тарбия берүүнү калыптандыруучу жана өнүктүрүүчү мааниге ээ. Бирок бардык эле үй-бүлөлөр экологиялык жактан балдарды тарбиялоого көңүл бура беришпейт. Үй-бүлөдө айлана-чөйрөнүн кооздугу жана аны сактоо жөнүндө,

жаратылышка кам көрүү жөнүндө сөз болбосо экологиялык тарбиялоо жөнүндө ойлобой эле коюш керек. Мындай үй-бүлөлөргө мугалим жана билим берүүчү мекемелер жардамга келет. Мугалим экологиялык жактан тарбиялоо тажрыйбасынын бөксө жерин толтурат. Ал балдар менен гана эмес, алардын ата-энелери менен дагы экологиялык тарбиялоо жөнүндө маектешүүгө, сүйлөшүүгө тийиш.

Ата-энелер экологиялык жактан тарбиялоону өнүктүрүү үчүн балдарына жагымдуу шарттарды түзүүгө тийиш. Аларга төмөнкүлөр кирет:

- Үйдөгү жана анын айланасындагы көркөмдүү кырдаал;
- Табият менен таттуу мамиледе болуу, аны сактоо жана коргоо.

Үй-бүлөдөгү мамилелер негизги жана маанилүү шарт катары калат да алар экологиянын моралдык талаптарына жооп берүүгө тийиш болот. Бул шарттар мектеп окуучуларынын экологиялык маданиятын калыптандырат. Ушул шарттардын баары окуучуларга жакшы таасир тийгизет, бирок өтө эффективдүү таасир болуп: балдар менен биргеликте өткөрүлгөн эмгектенүү саналат. Ага бөлмөнү жыйноо жана тазалыгын камсыздоо, үйдүн жанына ар түрдүү гүлдөрдү, бактарды отургузуу жана аларга кам көрүү кирет. Ар бир биргелешкен эмгек балдарды өзүнүн жыйынтыгы менен кубандырат [5].

Жалпы үй-бүлөнүн шартында балдарды натыйжалуу түрдө экологиялык жактан тарбиялоо чоң мааниге ээ. Экологиялык жактан тарбиялоону калыптандыруу процессинде негизги ролду үй-бүлө ойнойт, үй-бүлөдө балдарды экологиялык жактан тарбиялоону эрте башташ керек, анткени аларда чоң мүмкүнчүлүктөр бар. Ошондуктан ата-энелер балдарынын жашоосуна өзгөчө көңүл буруш керек. Алар экологиялык жактан тарбиялоо коомдун жана мектептин эле милдети, ал эми үй-бүлөнүн буга тиешеси жок деп ойлобоого тийиш. Тилекке каршы кээде ата-энелер балдарынын кызыгууларына гана көнүл бурушуп, балдарын экологиялык тарбиялоого үйрөтүүнү мектептин милдети деп эсептешет.

Тилекке каршы интернеттин келиши менен үй-бүлө менен чогуу балдарды экологиялык жактан тарбиялоого кам көрүү акыркы планга кетип жатат. Педагогдор белгилегендей тарбиялоону эч нерсе менен алмаштырууга болбойт. Ошондуктан окуучуларда экологиялык тарбиялоону өз учурунда ишке ашыруу зарыл. Телевизор жана интернет да экологиялык тарбиялоонун каражаты болуп саналат, бирок бул жерде аларды туура, аң-сезимдүү колдонууга көңүл буруу керек. Ошондой эле экологиялык маанидеги теле берүүлөрдү жана видеолорду тандап көрүү зарыл, аларды балдар ата-энелер менен чогуу көрүшсө болот. Интернет ресурстарын аң-сезимдүү колдонууда айрыкча айлана- чөйрөнүн экологиясына кам көрүү боюнча видеолор негизги орунда болууга тийиш.

Үй-бүлө менен мектептин талабы бирдей экендигин ар бир бала менен бирге коомчулуктун ар бир мүчөсү да сезип тургандай болуш керек. Анткени балдарды окутуп тарбиялоо – ар бир үй-бүлөнүн да жооптуу милдети болуп эсептелет. Ата-энелер бардыгын мектепке жүктөп, өз балдары үчүн жоопкерчиликтен четтеп кетүүгө болбойт.

Баланы үй-бүлөдө тарбиялоодо бир катар кыйынчылыктар кездешет: балдарга ата-энелердин кадыр-баркынын жок болуусу; сөздөрүнүн өтпөй калуусу; үй-бүлөдө балага талаптардын ачык-айрым болбогондугунан аларга туура багыт бербегендиги; чоңдор тарабынан балдарга бирдиктүү талап коюлбагандыгы; үй-бүлөдө бала эмгектенбей бекерпоздукка, жалкоолукка, ач көздүккө көнгөндүгү; баланын кемчилдигин ата-эне көрүп туруп оңдобосо, ага кайдыгер мамиле жасагандыгы, баланы өтө сүйүп, айрыкча эркелетип оюна коюусу баланы ар кандай жарамсыз адаттарга көндүрөт. Мына ушуга окшогон кээ бир факторлор көп кездешет. Жогоруда аталып кеткендер үй-бүлөдө эске алынбагандыктан балдарды мектепте тарбиялоодо мугалимдер үчүн көп кыйынчылыктардын болушу мугалимдерди өтө чымырканып, өз ишине берилип эмгектенүүсүн талап кылат.

Азыркы мектеп окуучуларынын өзүнүн туулуп өскөн айылда туруп эле бүткүл өлкөдөгү жана ааламдагы болуп жаткан жаңылыктарды билип алууга толук мүмкүнчүлүктөрү бар. Мына ушул байланыштардын көп түрдүүлүгү менен объективдүү жана субъективдүү факторлор аркылуу бала жеке өзүнүн адебинин дүйнөсүн жана рухий байлыгын калыптандырып жатат. Мына ушул кенже жаш курагынан тартып, аларда тиричиликке, дүйнөгө, айлана-чөйрөгө болгон көз карашынын негиздерин калыптандырууга тийиш.

Мектептерде экологиялык тарбиялоо төмөнкү багыттар боюнча ишке ашат:

- Окуучуда айлана-чөйрөнүн тазалыгын сактоону өнүктүрөт;

- Окуучунун айлана-чөйрө менен туура мамиледе болуу маданиятына үйрөтүү;
- Бош убакытты туура пайдалануу жана туура өткөрүү маданиятын калыптандыруу;
- Өзү жашап турган жердин тазалыгына кам көрүү.

А.С. Макеренко экологиялык жүрүш-турушту өзүн өтө жакшы сезе билүү, корголгон абал катары түшүндүргөн. Ушул абал инсандын коллективдеги өзүн көрсөтө алуусуна стимул болот, окуучулардын чыгармачылыктарын өстүрүүгө жакшы шарт түзөт, бири – бирине болгон мамилесинин сулуулугун көрсөтөт. Мындай мамилелердин түзүлүшүнө булар жардам берет: достук, бири-бирине жардамдашуу, ишеним, жакшылык каалоо, көңүл буруу. Чоң кишилердин бири-бирине болгон мамилесин балдарга өз таасирин калтырат.

В. А. Сухомлинский экологиялык тарбиялоо жөнүндө: «Мен тарбиялап жаткан жеткинчек кыштын ызгаарында буюккан чымчыкты терезеден көрүп, аны тоңуп өлүүдөн сактоого аракеттенсе, көгөрүп турган дарактын көчөтүн же гүлдү үзүп-жулкуп сындырбай же башка бирөөлөргө тебелеп-тепсетпей аларды бапестеп өстүрүү үчүн кам көрсө, мен анда патриотту, гуманистти, демократты тарбиялаганым ошол, ал чоңойгондо бирөөгө эч кандай жамандык ойлобогон, адамдарды бөлбөгөн, ыймандуу, адамгерчиликтүү эң жакшы инсан болуп жетилет.

Ал эми мен тарбиялап жаткан бала жөрмөлөп жүргөн жандуу курт-кумурсканы былчырата тебелегенине ыракаттанса, көгөрүп турган гүлдү, көчөттү сындырып, уйпалап, үзүп, жулкуп ойносо, ал чоңойгондо эң биринчи өзүнүн жакындарынын төбөсүнө жаңгак жанчып кумарлана турган мыкаачы болот», -деген эле.

Экологиялык жактан тарбиялоодо жаратылышка чоң орун таандык. Жаратылыш дүйнөсү бай, ар түрдүү. Жаратылыштын кооздугун окуучу аны менен тыгыз байланышта болгондо гана сезе алат. Окуучунун жаратылыш менен жакын мамиле түзүүсү экологиялык жактан алган тарбиясына байланыштуу болот. Экологиялык тарбиялоодо негизги шарт болуп байкагычтык жана жаратылышка аяр мамиле саналат, алар окуучу жаратылыш менен жакындашканда пайда болот.

Жаратылыш – окуучулардын экологиялык жактан толгонууларынын негизги булагы болуп саналат. Жаратылыш натуралдуу жана кыймылга келип турат. Анын сүрөттөлүштөрү ар дайым табигый жана таза, аларда ар түрдүү түстүн спектри бар болуу менен жыл мезгилдерине жараша алмашып турат. Жаратылыш адамдын ички дүйнөсүнө таасир этет. Ошондуктан аны коргоо жана анын байлыктарын сактоо керек.

Жаратылыш бул биз көргөн жана уккан нерселер гана эмес. Ал жерге түшкөн жалбырактардын шуулдаганы, чымчыктардын сайраганы, дарыянын шаңы. Алардын биргелешүүсү окуучуларда толгонуулардын комплексин жаратат. Алар жаратылыш менен системалуу мамиле түзгөндө окуучулар үчүн бул көрүнүштөр баалуу болуп калат да, патриоттук сезимдеринин негиздеринде орун алат. К.Д. Ущинский белгилегендей баланын бак ичинде же талаада өткөргөн бир күнү мектепте өткөргөн күндөрүнөн көп сыяктуудай болот [6].

Башталгыч класстардын окуучуларында жаратылышка болгон аң-сезимдүү жана сарамжалдуу мамилени калыптандыруу, көп кырдуу баалуулуктар жөнүндөгү түшүнүктөрдү өнүктүрүү, жаратылыштын байлыктарын рационалдуу пайдаланууга үйрөтүү - булардын баары аларды экологиялык жактан тарбиялайт. Мына ошол жаратылыштын кооздугун жана сулуулугун коргоп жана сактап калуу да окуучуларды экологиялык жактан тарбиялоонун негизги милдеттеринен болуп саналат. Бул милдеттерди ишке ашыруу үчүн класстан тышкаркы сабактарда “Жаратылыштын досу бол!” аттуу тарбиялык сабактар өтүлүп, анда балдарга дарактардын, гүлдөрдүн, жалбырактардын ролу түшүндүрүлөт. Экологиялык видеолор көрсөтүлүп, алар боюнча баарлашуу жүргүзүлөт. Ден соолук тазалыкка байланыштуу болоору жөнүндө түшүндүрүлүп жана жашыл жашоо образы боюнча балдарга роликтер көрсөтүлөт. Мындай сабактар аркылуу балдардын табиятты түшүнүүсүн, байкоо жүргүзүү көндүмдөрүн жана экологиялык аң-сезимин өнүктүрүүгө болот.

Экологиялык тарбиялоонун негизги маанилүү формаларынан болуп төмөнкүлөр саналат:

- Окуучуларга педагогдордун экологиялык жактан билим берүү ишмердүүлүгү;
- Экологиялык майрамдарды жана эс алууларды уюштуруу;
- Экскурсиялар;

- Окуучуларды курчап турган жаратылыш менен күнүмдүк жашоо процессинде тааныштыруу;
- Эмгек ишмердүүлүгү;
- Чыгармачылык иштердин конкурстарын жана көргөзмөлөрүн уюштуруу;
- Экологиялык олимпиадаларга жана конкурстарга окуучуларды катыштыруу.

Төмөнкүдөй экологиялык негизги багыттарды бөлүп көрсөтүүгө болот:

- Биоэкология ( жалпы экология);
- Геоэкология;
- Прикладдык экология;
- Адам экологиясы;
- Социалдык экология.

Экологиялык жактан тарбиялоону окуучулардын кичинекей кезинен эле баштоо керек. Курчап турган чөйрөдө бардык нерсенин тарбиялык мааниси бар. Чоң кишилердин алдында турган милдет балдарда тазалыкты, сулуулукту, кооздукту жаратуу жана сактоо боюнча активдүү ишмердүүлүккө чегерүү. Окуучуларды экологиялык жактан тарбиялоодо курчап турган дүйнөгө экологиялык жактан туура мамиле жасоону өнүктүрүүчү ар түрдүү каражаттардын жана формалардын жыйындысын айкалыштыруу керек. Окутуучулар инсанды экологиялык жактан өнүктүрүүгө таасир тийгизген факторлорго, каражаттарга көңүл бурууга тийиш.

Айрыкча бала куракта дүйнөгө болгон көз караш калыптанат, алар кийин инсандык касиетке айланат. Бала курактагы инсандык касиеттер өмүр бою өзгөрүүсүз сакталат. Адамдын өмүр жолунда кээ бир касиеттер толукталат, өзгөрөт, бирок кенже мектеп курагында пайдубалы тургузулган экологиялык тарбиялоо тарбия иштеринин негизи болуп саналат.

Кенже мектеп курактагы ишмердүүлүктүн негизги түрү – окуу ишмердүүлүгү. Ал мезгилде баланын жашоосундагы негизги инсан болуп мугалим саналат. Ал аркылуу окуучулар курчап турган дүйнөнү, жүрүм- турум нормаларын таанып билет. Экологиялык тарбиялоонун кенже мектеп курагындагы дагы бир өзгөчөлүгү окуучунун таанып-билүү ишмердүүлүк тармагындагы өзгөчөлүгү менен байланыштуу.

Кенже класстын окуучуларында экологиялык тарбияны калыптандыруу татаал жана узакка созулган процесс. Курчап турган дүйнөдөгү кооздукту сезүү балада өзгөчө эмоционалдык психикалык абалды жаратып, кызыгууну пайда кылат, психикалык процессти курчутат. Дал ушул куракта да балдарды экологиялык жактан тарбиялоону уланта беришибиз зарыл. Кенже мектеп курак - экологиялык тарбиялоону калыптандыруудагы өзгөчө курак, анда мугалимге негизги роль таандык. Мугалим экологиялык тарбия аркылуу адамдын дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырууга жөндөмдүү, анткени кенже жаш куракта курчап турган дүйнөгө мамиле калыптанат жана инсандын экологияга карата болгон жакшы мамилеси өнүгөт.

Билим берүүчү мекемелер гана окуучуларга максаттуу түрдө экологиялык жактан тарбия берүүнү жүзөгө ашырат. К.Д. Ушинский белгилегендей мектептеги ар бир сабак баланы тарбиялайт. Ар бир сабакта бир аз болсо да экологиялык элемент бар.

Мектептеги окутулган ар бир окуу окуучуларда белгилүү бир эмоцияны пайда кылат. Мугалим сабакты экологиялык жактан тарбиялоонун каражаты болуу үчүн жана окуучулардын чыгармачылык кызыгуусун пайда кылуу үчүн өзү чыгармачылык менен иштеш керек.

Окуу предметтеринен сырткары экологиялык жактан тарбиялоонун булагы катары ар түрдүү класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы экологиялык иштер эсептелет. Алар аркылуу инсандын курчап турган чөйрөгө болгон аяр мамилеси өнүгөт. Экологиялык тарбиялоонун формалары жана каражаттары жогоруда жазылгандай ар түрдүүчө. Экологиялык тарбиялоонун маанилүү булагына жаратылышка болгон туура мамиле жана жашыл экономиканы өнүктүрүү да кирет.

Ойлонуу экологиялык жактан толгонууну тереңдетет. К.Г. Паустовский айткан: «Билимдүү адам жердин кооздугун көрө алат, ал эми билимсиз адам көрө албайт». Сулуулук, кооздук чыныгы билимдин бир өлчөмү болуп саналат. Таанып- билүү процесси окуучулардын экологиялык жактан тарбиялоону өнүктүрүүгө таасирин тийгизет. Эмгек кандайча экологиялык жактан тарбиялоого таасирин тийгизерин карап көрөбүз. Акыл эмгеги же болбосо физикалык эмгек таанып - билүү процесси сыяктуу окуучуларды экологиялык жактан тарбиялоого активдүү таасир этет.

Таасир этүүнүн негизги жолдору болуп төмөнкүлөр саналат:

- Эмгек процесси;
- Экологиялык иштин мазмуну;
- Эмгектин жыйынтыгы.

Туура уюштурулган эмгек ар дайым канааттануу сезими жана рахат алуу сезими менен коштолот. Эмгекте колдонулган материалдар экологиялык башатка ээ болот. Адамды анын эмгегинин жыйынтыгы кубандырат. Чоң тарбиялык максатка эмгектеги ыраттуулук жана окуучулардын биргелешип иштөөсүндөгү мамилелердин кооздугу ээ болот. А.С. Макаренко тастыктагандай тарбиялоо ишинде кийимдердин, бөлмөнүн, тепкичтин, мектептин тазалыгы жүрүм-турумдун эстетикасынан аз мааниге ээ болбойт.

Окуучулардын коллективдеги мамилеси, тазалыкка болгон кам көрүүсү - бул окуучулардын экологиялык жактан тарбиялоонун жакшы мектеби. Бирок бул жерде мамиле түзүүнүн каражаттары экологиялык тарбиялоонун талаптарына жооп бериши керек. Мамиле түзүүдөгү негизги каражат болуп окуучулардын баарлашуусу саналат. Баарлашуунун кооздугунун негизги шарттары болуп анын маанилүүлүгү жана тууралыгы эсептелет. Баарлашуу образдуу, лакониялуу, туура ойлонулган болууга тийиш.

Окуучуларга экологиялык тарбия берүүнүн методдору төмөнкүлөр:

Көрсөтмөлүү методдор, практикалык методдор, сөздүк методдор, байкоо методу, иллюстративдик, тажрыйба жана эксперимент жүргүзүү методу, проект түзүү методу.

Көрсөтмөлүү методдор: байкоо жүргүзүү, сүрөттөрдү карап анализдеп чыгуу, экология боюнча видеофильмдерди, кинофильмдерди жана презентацияларды экранга демонстрациялоо; практикалык методдор: тажрыйбаларды жүргүзүү, моделдештирүү; сөздүк методдор: жаратылыш жөнүндө аңгемелешүү, көркөм чыгармалар менен таанышып чыгуу; байкоо методу: жаратылыштын кубулуштарына жана объектилерине пландуу түрдө байкоо жүргүзүү; окуучулар менен иштөөдө иллюстративдик материалдарды пайдалануу: дидактикалык сүрөттөр, презентациялар; тажрыйба жана эксперимент жүргүзүү методу; проект түзүү методу.

Жалпылап айтканда башталгыч класстардын окуучуларына экологиялык билим берүү алардын билимдерине, көндүмдөрүнө, ык-машыгууларына жана адептүүлүк сапаттарына өз таасирин тийгизип, жаратылыштык-социалдык чөйрөнүн абалын жакшыртууга карата болгон алардын адамдык жоопкерчилигин пайда кылат. Окуучуларды өздөрү жашап турган аймактардагы экологиялык көйгөйлөр менен тааныштыруу максатында айлана-чөйрөнү жашылдандыруу иштерине жана арыктарды тазалоо жумуштарына катыштыруу чоң мааниге ээ болот. Айлана-чөйрөгө экологиялык туура мамиле жасоого үйрөтүү аркылуу окуучуларды жаратылышты сактоо ишмердүүлүгүнө тарбиялайбыз. Алардын экологиялык маданиятынын жана экологиялык ойлоолорунун калыптанышына ошондой эле жаратылыштын мыйзамдарын таанып-билүүсүнө таасир этебиз.

Жогорудагы экологиялык маселелер боюнча башталгыч класстардын окуучуларын алгач билимдердин системасына ээ кылуу абдан зарыл. Андан соң алардын багыттарынын максатын окуучуларга түшүндүрүп, ал багыттар боюнча экологиялык жактан тиешелүү тарбиялык жумуштарды жүргүзүү - педагогдордун негизги милдеттеринен болуп саналат.

**Колдонулган адабияттар**

1. https://ilim.oshmpu.kg/index.php/01/article/view/242/145
2. Большая советская энциклопедия [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://bse.sci-lib.com/
3. Котикова О.П. Экологическое воспитание школьников : пособие для учителей /О. П. Котикова. – М.: ВЛАДОС, 2001. -С.194.
4. Лихачев, Б. Т. Теория экологического воспитания школьников /Б.Т. Лихачев. – М.: Просвещение, 2007. - С.354.
5. Зверев И.Д. Экология в школьном обучении: Новый аспект образования. -М.: Просвещение, 1980. - С.35-36.
6. Иванова Т.С. Экологическое образование и воспитание. -М., 2003. - С.100-105.

**Рецензент: п.и.к., доцент Тажибаева У.**